Турсунбаева Чөлпон Манасовнанын: 12.00.01 - укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу" темасында даярдалган диссертациялык изилдөөсүнө илимий жетекчисинин

## ПИКИРИ

Турсунбаева Чолпон Манасовна Ош мамлекеттик юридикалык институтунда 2008-жылдан баштап эмгектенип келүүдө. Өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүк мезгилинде тажрыйбасын арттыруу максатында дилгирлүү эмгектенүү менен илимий изилдөө иштерин дагы активдүү жүргүзүп келүүдө.

2016-жылдан баштап бекитилген илимий темасынын үстүндө жигердүүлүк менен эмгектенүү менен ар кандай илимий чараларга, конференцияларга активдүү катышып келүүдө. Илимий изилдөө ишин алдыга сүрөө менен бекилген тема боюнча бир канча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, илимий адабияттарды, ченемдик актыларды, статистикалык маалыматтарды, архивдик материалдарды талдоо менен бир канча илимий макалаларды жазды.

Илимий макалалары республикалык деңгээлде, эл аралык конференцияларда (АКШ, Германия, РФ) макалалары жарык көргөн. Бул өз кезегинде изденип алуучу Турсунбаева Чолпон Манасовнанын өз алдынча илимий ой жүгүртүү шыгы бар экендигин далилдеп гана калбастан, анын ой жүгүртүүсүнүн терендигин, ар тараптуу изденүүчүлүк жөндөмү бар экендигин көрсөттү.

Диссертациялык изилдөөнү жүргүзүү учурунда жигердүүлүк менен өзүнүн дилгирлигин, чыгармачылыгын, өз алдынчалуулугун көрсөттү. Бул өз кезегинде тандалып алынган диссертациялык изилдөөнү ар тараптуу, терең алып барууга, изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча негиздүү тыянактарды, жоболорду чыгарууга өбөлгө түздү. Мунун натыйжасында ал диссертациялык изилдөөсүн ийгиликтүү аягына чыгарууга жетишти.

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын диссертациялык изилдөөсүнүн актуалдуулугу шек жаратпайт. Анткени азыркы мезгилдеги аялдардын укук жана эркиндиктери анын ичинде репродуктивдүү укуктарын камсыз кылуу ишке ашыруу актуалдуу суроолордун бири катары таанылат. Изилдөөнүн актуалдуулугу бир канча статистикалык маалыматтар аркылуу бекемделип, бул жатта изилдөөлөрдү алып баруунун зарылчылыгы боюнча бир канча аргументтер негиздүү келтирилген.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарын изилдөө Кыргызстандагы эң бир аз изилденген тармак катары баалоого болот. Мунун өзү бул жаттта бир канча фундаменталдык теоретикалык изилдөөлөрдү алып баруу зарылчылыгын шарттайт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий усулдар туура колдонулуп, коюлган суроолор изилдөөнүн обьектисине жана предметине дал келет. Бул өз кезегинде диссертациялык изилдөөнүн максатына жетүүгө теманы ар тараптуу ачып берүүгө шарт түздү.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор, тыянактар жана сунуштар негиздүү жана ынанымдуу деп эсептеймин.

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын “Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу” деген темадагы илимий иши аягына чыккан иш катары бааланат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын талаптарына толугу менен жооп берет. Ал эми Чолпон Манасовна Турсунбаева 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу үчүн татыктуу.

**Илимий жетекчи юридикалык илимдердин**
**кандидаты, доцент** **Жусупов Б.А.**

Ю.и.к. доцент Б.А. Жусуповдун
кол тамгасын тастыктаймын.